08.04.2015г

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭРКИН ТОО

# Тажикстандын мадаиий күнү "Манас" университетинде белгиленди.





Кыргыз-Түрк “Манас” университети менен Тажикстандын Кыргызстандагы элчилиги биргеликте Тажикстандын маданий күнүн өткөрүштү. Аталган салтанаттуу кечеге борборубуздагы тажик улутунун өкүлдөрү, ошону менен бирге ар улуттун маданий борборлорунун өкүлдөрү жана студенттери катышышты.  Ага улай тажик адабиятынын, алардын улуттук кийимдеринин, көз жоосун алган кооз кездемелердин көргөзмөсү да коюлуп, катышуучулардын кызыгуусун арттырды.

Университеттин ректору профессор Себахаттин Балжы: “Борбор Азияда боордош өлкөлөргө кызмат кылып келе жаткан Манас университетинде учурда 16 өлкөдөн келген жаштар билим алышууда. Орто Азия мамлекеттериндеги биртууган боордош элдердин тынчтыкта, достукта жана алардын жакшы жашоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуулары үчүн кызматыбызды аябайбыз. Ортодогу кызматташуу мындан ары да бекемделип, өнүгө беришин тилейбиз”-деди.

Ал эми Тажикстандын Кыргызстандагы ыйгарым укуктуу элчиси Ассамудин Саидов  бул маданий иш-чарада атайын тажик фильмдерин көрүүгө коюшканын белгиледи. Тажикстандын эгемендикке ээ болгонунан баштап, алдыга койгон максаттарын ишке ашырып келээрин, ички жана тышкы саясатын калыптандырып, экономикалык жактан өнүгүүгө максат коюп келе жаткандыгын айтып жатып, эки элди көп окшоштуктар бириктирип турарына токтолду. Айтсак, каада-салт, үрп-адаттарыбыз, эң негизгиси кылымды карыткан ортодогу ынтымак, достукту баса белгиледи.

Аталган маданий иш-чаранын соңунда, Манас университетинин Консерваториясынын студенттери тарабынан даярдалган тажик элинин каада-салттары чагылдырылган концерттик программасы менен жыйынтыкталды,-деп аталган окуу жайдын коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн кызматкери АйзатТаласбаева билдирди.

АйзадаДүйшөнбаева